КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ
"КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ" МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН
УЧРЕЖДЕНИЕ "АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА"

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**30-апрель 2024-жыл № 4** **Совет айылы**

**"Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы ички ирригациялык курулуштарды муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө".**

«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2- жана 19-беренелерине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин № 52 токтомунун 6-пунктуна ылайык», Кеңеш айыл өкмөтү, ирригациялык курулуштарды муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө "Кеңеш-Суу" суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун чечимине ылайык Кеңеш айылдык Кеңешинин VIII-чакырылышынын кезектүү III-сессиясы **токтом кылат:**

1. "Кеңеш-Суу" пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун ирригациялык объектилерди муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө өтүнүчү канааттандырылсын.

2. Кеңеш айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Э.Турдукуловко "Кеңеш-Суу" пайдалануучулар ассоциациясы менен биргеликте ирригациялык курулуштар түрүндөгү мүлктү муниципалдык менчикке кабыл алуу актысын түзүү жагы жүктөлсүн.

3. "Кеңеш-Суу" суу пайдалануучулар ассоциациясы менен ирригациялык курулуштарды өткөрүү келишимин түзүп аны мамлекеттик нотариус тарабынан күбөлөндүрүүгө жана мамлекеттик каттоо кызматында каттоодон өткөрүү жүргүзүлсүн.

4. Ирригациялык курулуштарды муниципалдык менчиктин реестрине киргизүү милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология маселелер боюнча депутаттык туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

6. Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү" Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

**Төрага** **Ш.М.Канполотов**